**Бостери айылдык кенешинин депутаттарынын XXIX чакырылышынын кезексиз сессиясынын**

# ПРОТОКОЛУ

« 31» 10. 2022-ж                                                  Бостери айылы

**Төрага:** **Э.Усубалиев**
**Катчы:** **Э.Абдылдаканова**
Катышкандар: 16 депутат

Бостери айылдык кенешинин депутаттарынын XXIXчакырылышынын кезексиз сессиясынын төрагасы Э.Усубалиев ачты.
**Төрага:** Саламатсыздарбы урматтуу депутаттар!

Бостери айылдык кенешинин депутаттарынын XXIX чакырылышынын кезексиз сессиясына 21 депутаттын ичинен 16 депутат катышып отурат, кворум бар,сессияны ачуу боюнча кимде кандай сунуш бар?

Бостери айылдык кенешинин депутаттарынын XXIX чакырылышынын кезексиз сессиясын ачык деп жарыялайм.
Кыргыз Республикасынын Гимни жаңырды.
**Төрага:**Урматтуу депутаттар бүгүнкү сессиянын күн тартибин тааныштырып кетеин жана регламентти бекитип алалы.

Бостери айыл аймагындагы Т.Атаев, Х.Жээнбаев жана А. Мамытов орто мектептеринин капиталдык ремонт иштерине дем берүүчү салым катары жергиликтүү бюджеттен акча каражатын карап берүү тууралуу Бостери айыл өкмөтүнүн башчысы К.Сопуевдин 25.10.2022-ж № 01-31а/1244 катын кароо жөнүндө.
Төрага:Урматтуу депутаттар!

Күн тартиби боюнча кимде кандай сунуш бар? Анда эмесе күн тартибин жана регламентти бекитүүнү добушка коем. Сессияны 1 саат 40 мүнөттө аяктайлы деген депутаттар добушүңуздарды берип койсоңуздар.
Макул-16, каршы калыс жок.
1- маселе боюнча Бостери айыл аймагындагы Т.Атаев, Х.Жээнбаев жана А. Мамытов орто мектептеринин капиталдык ремонт иштерине дем берүүчү салым катары жергиликтүү бюджеттен акча каражатын карап берүү тууралуу Бостери айыл өкмөтүнүн финансы экономиалык бөлүмүнүн башчысы Р.Джумадыловага берилет.
**Р.Джумадылова:** Урматтуу депутаттар!

Бостери айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен үлүштүк дем берүүчү грантка өздүк салым катары "Жалпы билим берүү" бөлүмүнүн 3111–"Имараттар жана жайлар" элементинен айыл аймактагы мектептердин капиталдык ремонт иштерине акча каражаты карап берүүнү өтүнүп жатабыз. Бул долбоорго жалпы керектелүүчү акча каражаты 14337,3 миң сомду талап кылат. Буга жергиликтүү бюджеттен 5682,5 миң сом талап кылынат. Бактуу Долоноту айылындагы "Т.Атаев орто мектебинин ички жарык системасын жаңыртуу үчүн 1140,0 сом, Бостери айылындагы Х.Жээнбаев орто мектебине заманбап терезелерин орнотуу үчүн 2081,0 сом жана А.Мамытов мектеп гимназиясынын жылытуу жана ички жарык берүү системасын алмаштыруу үчүн 2461,5 миң сом каралып жатат.
**Төрага:Урматтуу депутаттар! Бул сунуш боюнча кимде кандай сунуш бар?**
**Раисов С:** Урматтуу депутаттар,бул мектептерде өзүбүздүн эле балдар окушат, балдарыбыздын келечеги үчүн жакшы шарттарды түзүп берүү милдетибиз, ошол себептен мен бул маселени колдойм.
**Джээнтаев М:** Туура маселе болуп жатат, канча убакыттан бери ата энелер дагы кайрылып келишет.Мектепке жылуулук абдан керек,балдарыбыз.неберелер да үшүбөй сабак учурунда өзүлөрүн эркин сезип, сырткы кийимдерин чечип, сабакта отурушса жакшы болмок.

Сканировано с CamScanner

**Байтокова М:**Т.Атаев мектебинин жарыктандыруусу абдан начар чечип берели бул маселени.
**Усубалиев Э:** Х.Жээнбаев мектебинин терезе, эшиктеринин эскилиги жетип, сууктун баары жакшы жабылбай келгенден коридору да жылыбайт.
**Төрага:** Урматтуу депутаттар, Бостери айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин эсебинен үлүштүк дем берүүчү грантка өздүк салым катары айыл аймактагы мектептердин капиталдык ремонт иштерине акча каражаты карап берүүгө макул деген депутаттар добушуңуздарды берип койсонуздар?
Макул-16, каршы, алыс жок.
Сессиянын күн тартибине коюлган маселе каралды.
Сессияны жабык деп жарыялайм

**Төрага** Э.Усубалиев
**Катчы** Э.Абдылдаканова

Сканировано с CamScanner